УДК:82.0

Э. Кылычев
К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети,
кыргыз адабияты кафедрасынын доцентинин м.а.
З. esentur_k@mail.ru ; т: 0554-547650

САЛЫШТЫРМАЛУУ АДАБИЯТ ТААНУУ ТАРЫХЫНАН

ИЗ ИСТОРИИ СРАВНИТЕЛЬНОГО ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИЯ

FROM THE HISTORY OF COMPARATIVE LITERATURE

Аннотация: *Макалада салыштырмалуу адабият таануу илими же башкача айтканда компаративизм маселесинин пайда болуу жана ар кайсы өлкөлөрдөгү бул маселенин изилденүү учурлары кыскача каралган.*

Түйүндүү сөздөр: *салыштырмалуу адабият таануу, компаративизм, өз ара аракеттешүү, таасир, дүйнөлүк адабият.*

Аннотация: *В статье кратко рассматривается зарождение и исследование компаративизма или сравнительного литературоведения в разных странах.*

Ключевые слова: *сравнительное литературоведение, компаративизм, взаимодействие, влияние, мировая литература.*

Annotation: *This article briefly considers conception and research of comparative literature or comparative history of literature in different countries.*

Key Words: *comparative history of literature, comparative literature, interaction, influence, world literature.*

Адабий процесс, буга чейин адабият таануу илиминин көпчүлүк белгилүү өкүлдөрү туура жана адилет белгилеп келишкендей татаал байланыштар менен өз ара аракеттешүүлөрдө өнүгүп-өскөн улуттук жана дүйнөлүк адабияттын тарыхый кыймылы экендиги ырас. Биз аталган процесстин бир көрүнүшү катары XX кылымдын башында Францияда пайда болгон салыштырмалуу адабият таануу мектебин (компаративистика) көрсөтө алабыз. Ал Европанын адабий өнүгүш тарыхын Кайра жаралуу доорунан баштап улуттар аралык адабий байланыштардын көз карашынан окуп-үйрөнөт. Бул байланыштардын натыйжасында европалык адабиятта саясий, этникалык жана лингвистикалык тоскоолдуктарды жеңип өткөн жалпы тенденциялар пайда болот. Мындай тенденциялардын бири катары кайсы- бир улуттук адабиятта чыгармачылык импульс катары пайда болуп жана башка бир адабияттарда да ошого окшош эле көрүнүштөрдү жарата алган *“таасир”* категориясын айта алабыз. Бул мектептин принциптерин баяндоонун жана аларды практикалык пайдалануунун классикалык үлгүсү болуп Поль ван Тигемдин “Салыштырмалуу адабият таануу” жана “Романтизмдин алдында” аттуу китептери эсептелет. Поль ван Тигем өзүнүн “Салыштырмалуу адабият таануу” аттуу эмгегинде “бул илимдин областын чыныгы жалгыз интернационалдык адабият болуп эсептелген “жалпы адабияттын” көлөмүнө чейин кеңейтүү” маселесин койгон. Анткени Поль ван Тигемдин пикири боюнча салыштырмалуу адабият таануу негизинен эки тараптуу адабий байланыштарды өз кучагына алат жана улуттук адабияттарды окуп-үйрөнүүдөн жалпы адабиятты окуп-үйрөнүүгө өтө турган варианттардан болуп калат. Ал жалпы адабиятка коомдук-тарыхый жана маданий шарттарда пайда болгон окшош адабий көрүнүштөрдү киргизген. Бирок, бул сунуш адабият таануучулардын кенен колдоосуна ээ болгон эмес. Румын илимпозу Александр Диманын ою боюнча бул салыштырмалуу изилдөөлөр үч негизги багытта - адабияттар аралык түз байланыштар областында (котормолорду, таасирлерди жана өздөштүрүүлөрдү эске алсак, анын бардык түрлөрүндө), типологиялык окшоштуктарда, ошондой

эле ар бир адабияттын спецификалык мүнөздөрүн табуу чөйрөсүндө жүргүзүлүшү керек.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жарык көргөн немец окумуштуула-рынын компаративистика, эстетика жана тарых боюнча жазылган эмгектери-нин ичинен бүтүндөй европалык белгилүүлүккө ээ болгон эки эмгекти белгилеп кетишибиз керек. Алардын бири Эрнст Роберт Курциустун латын феодалдык дүйнөсүндөгү антикалык *таасирлердин* калтырган издерин дыкаттык менен изилдеген “Европейская литература и латинское средневековье” (1948), экинчиси Эрих Ауэрбахтын “Мимесис” (1946) аттуу эмгектери. Курциус – романчы, адабият тарыхчысы жана маданият философу, албетте 1914 - 1930-жылдары француз адабиятын жана маданиятын Германияда жайылтуу жана түшүндүрүү маселелери боюнча эң белгилүү адистердин бири болгон. Ал бул өңүттөн алып караганда абдан көп эмгектердин автору, анын “Франция, введение в французскую культуру” (1930) аттуу изилдөөсү да коомчулукка кеңири белгилүү эмгектерден болуп эсептелет. Ауэрбахтын “Мимесис” аттуу эмгеги кадимки стилистикалык изилдөөлөрдөн, анда чакан адабий фрагменттерди микроскопиялык талдоолордун негизинде орто кылымдардан баштап биздин доорго чейинки батыш европалык адабияттын тарыхый өнүгүш панорамасы ачык-даана көрсөтүлөт. Ал эми Агартуучулук дооруна Поль Азар өзүнүн эки фундаменталдык комплекстик изилдөөсүн арнаган. Биринчисинде (“Кризис европейского сознания”, 1935) ал XYII кылым традиционалисттик духунан XYIII кылымда сынчылдык жана жекечилигине өтүүнүн мыйзамченемдүүлүктөрүн көрсөтсө, экинчисинде (“Европейская мысль 18 в. От Монтескье до Лессинга”, 1946) XYIII кылым европалык ойдун кеңири синтезин ачып бере алган. Ошондой эле салыштырмалуу адабият таануунун Германияда өсүп-өнүгүшүнө Тюбинген университетинин профессору Курт Вайс бир топ эмгек сиңирген. Ал бир нече ирет илимдин бул тармагынын канчалык маанилүү экендиги тууралуу кайталап айткан жана өз изилдөөлөрүндө белгилеген. Курт Вайс 1939-жылы улуттук адабияттарды чогуу кароо методун пайдаланган азыркы европа адабияты боюнча макалалардын коллективдүү жыйнагын жарыялаган. Эмгегинде салыштырмалуу адабият таанууга кайрылуу талабын гана койбостон, ошондой эле анын адабият тарыхы боюнча изилдөөлөрдүн баарында объективдүү кездешээри тууралуу белгилеген. Мисал катары ал немец символизминин француз романтизми менен байланышы тууралуу өзүнүн Малларме жөнүндөгү китебинде терең жана кенен ой бөлүшөт. Учурунда Курт Вайстын жетекчилиги астында “Проблемы исследований историко-сравнительного литературоведения” (1951) аттуу илимий изилдөөлөрдүн сериясы жарык көргөн. Роман филологиялык мектебинин жана француз компаративизминин (Бальдансперже) тарбиялануучусу Курт Вайс бир нече ирет батыш орто кылымынын адабий маселелерине, тактап айтканда батыш европалык эпиканын өз ара байланыштарына кайрылган. Кийин ал Мародон Валериге чейинки француз лирикасын, ошондой эле латынамерикалык акындар Ромуло Гальегос менен Габриэла Мистралдардын чыгармачылыгын изилдөөгө алган. Салыштырмалуу адабият таануу боюнча Германиядагы маанилүү иштерге Фриц Штрихтин “Мировая литература и сравнительно-историческое литературоведение” (1930) аттуу теоретикалык эмгегин жана илимий чөйрөлөрдө жакшы пикирлерди пайда кылган “Гете и всемирная литература” (1946) аттуу илимий изилдөөсүн кошууга болот.

Компаративистика тигил же бул *таасирлердин* таралыш жолдору жана алардын пайда болуу формалары жөнүндө өтө көп жана өтө баалуу материалдарды жыйнай алган. Ошол эле учурда аргументтүү жалпылоолор менен бекемделбеген фактыларды жактоочулугу ар кандай методологиялык позицияларда турган окумуштуулардын сынына тушуккан. Мындай мисалдар катары биз дүйнөлүк экинчи согуштан кийин пайда болгон салыштырмалуу адабият таануунун “америкалык мектебин” (Рене Уэллек, Остин Уоррен, Вернер П. Фридерикс ж.б.) көрсөтө алабыз. Бул мектеп дүйнөлүк адабият улуттук алкактардан чыгып кеткен жана бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниге ээ болгон мыкты чыгармалардын жыйындысы деген концепцияны сунуштаган. Тактап айтканда АКШдагы салыштырмалуу адабият таануунун өсүп-өнүгүшү Колумбия жана Гарвард университеттеринин профессору Ирвинг Бэббит ал тууралуу лекцияларын окуй баштагандан тарта, же XX кылымдын башында башталат. Салыштырмалуу адабият таануунун “америкалык мектебине” француз компаративисттери чоң таасир берген. Гарварддагы салыштырмалуу адабият таануу кафедрасындагыдай эле изилдөөлөр Рене Уэллек эмгектенген Йель университетинде да жүргүзүлө баштайт. Кафедрада славян адабияттарына да көп көңүл бурулат. Адегенде америкалык компаративизм негизинен чет өлкөлөрдө кенен таанылган Фолкнер, Хемингуэй, Дос Пассос сыяктуу жазуучулардын чыгармачылыгынан турган жергиликтүү адабиятка таянгандыгы белгилүү. Акырындап америкалык компаративизм Европа адабияттарына да кызыга баштайт. Америкалык компаративисттер салыштырмалуу методдор өзгөчө көп колдонулган эки областты - адабият теориясын жана стилистиканы бөлүп көрсөтүшөт. Уэллек менен Уоррендин “Теория литературы” (1949) аттуу белгилүү эмгегинде салыштырмалуу адабият таанууга жана анын “улуттук, жалпы жана дүйнөлүк адабият” менен байланышына бүтүндөй бир бөлүм арналган. Китепте компаративизмдин фольклордук изилдөөлөргө, эл чыгармачылыгы менен жазма адабияттын өз ара *таасирлерине* илгертен келе жаткан кызыгуулары тууралуу кенен сөз болот. Бир топ тезисттер *таасир* өңүтүнөн талдоого алынат. Бул процесстен, же болбосо тактап айтканда адабиятты салыштырмалуу окуп-үйрөнүүнүн милдеттерин жана методдорун принципиалдуу жаңыча кароодон ошол мезгилдеги совет окумуштуулары да четте калган эмес.

Советтик салыштырмалуу адабият таануунун негиздери XX кылымдын 30-жылдары А. Н. Веселовскийдин илимий мурастарына таянган В. М. Жирмунскийдин (1891 - 1971) эмгектеринде (“Байрон и Пушкин”, “Сравнительное литературоведение. Восток и Запад”, “Гете в русской литературе” ж.б.) орун алган. В. М. Жирмунский эл аралык адабий өз ара аркеттешүүлөрдүн жыйынтыгында пайда болгон “контакттык байланыштарга”, социалдык-коомдук мамилелердин окшош абалы менен пайда болгон “типологиялык окшоштуктарга” чектөө киргизген. Бул учурдагы че-

чүүчү роль тарыхый-типологиялык окшоштуктарды окуп-үйрөнүүгө ыйгарылган. Мындай учурда негизги объект катары салттуу компаративистиканын көңүлүнөн четте калган чыгыш адабиятынын мисалдары пайдаланылган. Натыйжада феодализмдин жаралуу стадиясында пайда болгон батыш жана чыгыш баатырдык эпосторунун , жетилген феодализм шарттарында өнүккөн трубадурлар менен миннезингерлердин рыцардык лирикасынын жана арабдардын сүйүү поэзиясынын ортосундагы окшоштуктар жөнүндөгү изилдөөлөр ж.б. иштелип чыккан. Өзгөчө белгилеп кете турган факт катары биз "советтик идеологиянын кысымы жыл өткөн сайын күчөп, ар кандай компаративисттик идеяларга аёосуз тыюу салынып турган учурда В. М. Жирмунскийдин "Манас" эпосун түрк элдеринин, ошондой эле дүйнөлүк эпос менен салыштырып жазган эмгеги эле эч качан өзүнүн асыл наркын жоготпос рухий мүлктөрдөн болуп эсептелээрин" эске алып жатабыз. Ал эми Н. И. Конраддын (1891 - 1970) ушундай эле ойлордун чектеринде ("Запад и Восток" ж.б.) сунуштаган чыгыш Кайра жаралуусу жөнүндөгү концепциясы чыгыш Агартуучулугу жөнүндөгү божомолундай эле азыркыга дейре илимий чөйрөдө чоң ой-пикирлерди жаратып келет.

Улуттар аралык адабий байланыштарды изилдөө А. Н. Веселовскийдин "кездешүүчү агымдар", же болбосо башка улуттардын *таасирин* өздөштүрүп алуу талабын өз алдынча калыптандыруу тууарасындагы ойлорунан улам келип чыгат. Кабыл алуучу тарап *таасир* берүүчү тарапка караганда маанилүүрөөк болот, ошондон улам *"таасир"* термини, эреже катары, бул жерде "өз ара аракеттешүү" түшүнүгү менен алмаштырылат. Орус адабиятынын эл аралык байланыштарынын салттуураак көз караштарын М. П. Алек –сеевдин (1896 - 1981) жетекчилиги астында калыптанган изилдөөчүлөр мектеби окуп-үйрөнүп келет.

Жалпысынан айтканда салыштырмалуу адабият таануудагы жетишилген ийгиликтерге карабай, азыркы күнгө чейин анын методдору жана принциптери толук иштелип чыга элек. Бирок, XIX кылымда С. П. Шевырев "эмнени гана албайлык, эгер ага салыштырып карай турган башка нерсе болбосо, ал өзүнчө, жалгыз турганда бизге эч качан түшүнүктүү да, ачык да боло албайт" деп белгилегендей адабият таануу илими биз жогоруда азын-оолак кеп кылган салыштырмалуу изилдөөлөрсүз алдыга кете албасы бышык.

Адабияттар

1. *Александр Д и м а. Принципы сравнительного литературоведения. -М., "Прогресс"1977, с. 177.*
2. *Кыдырбаева Р. З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. -Б., 2004. – 29-б.*